# МастерКладки дубал тургузуу жана монтаждоо аралашмасы




25 кг

- ✓ Сырткы жана ички иштер үчүн
- ✓ Тигиш 1,5-5 мм чейин
- ✓ Дубал тургузуучу майда бөлүкчөлөр бардык түрлөрү менен иштөө үчүн
- ✓ Сукка туруктуулугу - F50

ИШТИН КӨЗҮН БИЛГЕН АДИС БОЛУУ ОҢОЙ

Башка тилдеги нускаманы жүктөп алуу/
Download the manual in another language
kz | az | uz | tj | kg | tm | am | ge | mn

## Колдонуу тармагы

| Каптоонун түрлөрү | |
|---|---|
| Уячалуу бетон | + |
| Газобетон* | + |
| Пенобетон* | + |
| Силикаттык жана поризацияланган керамикалык блоктор. | + |
| **Жумуштун багыты** | |
| Ички жумуштар | + |
| Тышкы жумуштар | + |

"Газобетон жана пеноблоктор үчүн аралашма уячалуу бетондун бетиндеги сыныктарды жана оюуктарды түздөй турган оңдоочу каражат катары колдонулушу мүмкүн.

## Техникалык мүнөздөмөлөрү

| | |
|---|---|
| Толтургуч бөлүкчөлөрүнүн эң чоң өлчөмү | 0,63 мм |
| Кыш коюу тигишинин калыңдыгы | 1,5 - 5 мм |
| Суунун өлчөмү | |
| • 1 кг аралашмага | 0,16 - 0,20 л |
| • 25 кг аралашмага | 4,0 - 5,0 л |
| Иштөө температурасы | +10°Стан +30°Ска чейин |
| Кыймылдуулугу (Пк, см) | Пк3 (8-12) |
| Блокту коюу боюнча ачык убакыт, ашырбай | 10 мүнөт |
| Аралашманын суу кармоо жөндөмдүүлүгү, кем эмес | 90% |
| Даяр аралашманы колдонуу убактысы, ашырбай | 4 саат |
| Пайдалануу температурасы | -50°Стан +60°Сга чейин |
| Плитканын абалын оңдоп-түзөө убактысы, кем эмес | F50 |
| Аралашманын кысууга бекемдик чеги кадимки шартта шарттарында 28 сутка өткөндөн кийин, МПа, кем эмес | ≥ 5 МПа |
| Жылышуудагы бекемдик чеги, МПа, кем эмес | ≥ 0,25 МПа |
| Аралашманын бетон негиз менен жабышуу бекемдиги 28 сутка өткөндөн кийин кадимки шарттарда, кем эмес | ≥ 0,5 МПа |

## Негизди даярдоо

| | |
|---|---|
| 1 | Блоктордун жана плиталардын беттери бекем болуп, кирден, чаңдан, майлардан, бардык түрдөгү сырлардан жана желимдерден тазаланган болушу керек. |
| 2 | Аларда муз, кар жана тоң катмарынын болушуна жол берилбейт. |

## Аралашманы даярдоо

**Кургак аралашманы даярдоо үчүн ичүүчү суу түтүгүнөн алынган сууну колдонуу керек. Аралаштыруудагы катыш: 1 кг кургак желим аралашмага 0,16-0,20 суу талап кылынат (25 кг үчүн 4,0-5,0 л)**

| | |
|---|---|
| 1 | Кургак аралашманы аралаштыруу үчүн бөлмө температурасындагы суунун керектүү көлөмүн өлчөңүз |
| 2 | Кургак аралашманы алдын ала өлчөнгөн суунун өлчөмүнө кошуңуз |
| 3 | Бир тектүү коюу болгонго чейин кургак аралашманы жана сууну электр миксери же атайын чоргосу бар электр бургунун жардамы менен 2-3 мүнөт бою аралаштырыңыз** |
| 4 | Аралашманы 5 мүнөт тыныктырып, андан кийин кайра аралаштырыңыз |
| 5 | |

** айлануу жыштыгы 600 мүн/айл ашык эмес

## Иштерди аткаруу тартиби

| | |
|---|---|
| 1 | Даяр аралашманын жылма шпатель менен буга чейин жабыштырылган кошуна блоктордун тик жана туурасынан келген беттерине бир калыпта сүйкөп, тиштүү шпатель менен тарам-тарам кылыңыз. |
| 2 | Аралашмага блокту коюп, анын абалын оңдоо убактысы аяктаганга чейин тууралап коюңуз. Блокту аралашма негизге сүйкөлгөндөн кийин 10 мүнөттөн ашпаган убакыт ичинде коюу зарыл. |
| 3 | Чапташтырылган блокторду жана плиталарды оңдоо убактысы: желим катмарын сүйкөгөндөн тартып 5 мүнөттөн ашпоого тийиш (негиздин суу сиңирүүсүнө, температурага, нымдуулукка жана абанын агымына жараша). |

## Жумуш аткаруунун шарттары

Иш жүргүзүлүп жатканда жана андан кийинки 3 сутка бою температураны +5°Стан +30°Ска чейинки чекте кармап туруу зарыл. Иш жүргүзүлүп жатканда аралашманын температурасы – +10°Стан +30°Ска чейин.

ПЛИТОНИТ Антифриз кошулмасын колдонгондо -35°Ска чейинки температурада иштөөгө жол берилет. Аралашмага ПЛИТОНИТ Антифриз суукка каршы кошулмасын суу менен бирге кошуу зарыл.

ПЛИТОНИТ Антифриз кошулмасынын өлчөмү:

| Талап кылынган натыйжа | Жумуш аткаруунун температурасы | Кошулманын чыгымдалышы, 25 кг кургак зат үчүн литр менен |
|---|---|---|
| Бекемделешин тездетүү | +20˚Стан өйдө | 0,05 л |
| Суукка каршы таасири | +5°Стан -5°Сге чейин | 0,07 л |
| | -5˚Стен -10˚Сго чейин | 0,1 л |
| | -10˚Стан -15˚Ска чейин | 0,12 л |
| | -15˚Стан -25˚Ска чейин | 0,16 л |
| | -25˚Стан -35˚Ска чейин | 0,19 л |

## Көңүл буруңуз

Жумуш аткарылып жаткан аралашманы мезгил-мезгили менен аралаштырып туруу сунушталат. Даяр болгон эритме аралашмасына кошумча суу кошууга тыюу салынат. Аралашма тери аркылуу сиңип кетиши мүмкүн, андыктан жумуш аткарып жатканда кол кап колдонуңуз. Кыш айларында дубал тургузуу иштери: дубалдын жана материалдардын өзүнүн нымдалышына жол бербөө керек; сууга каныккан жана кийин тоңуп калган силикаттык материалдарды колдонууга жол берилбейт; музду кетирүү үчүн туздарды жана туздуу эритмелерди, кычкыл эритмелерин, үшүккө каршы каражаттарды (антифриздерди) жана курамында хлору бар муз эритүүчү каражаттарды колдонууга тыюу салынат; тоңуп калган же башка жол менен жабыркаган дубалдын бөлүктөрү дубал тургузуу иштерин андан ары улантуудан мурун алынып салынышы керек.

## Сактык чаралары

**Бул аралашма ГОСТ 12.1.007 боюнча коопту улуктун 4-классына (көп коопту эмес заттарга) кирет.**

**Жумуш учурунда кол каптарды, коргоочу көз айнектерди жана дем алуу органдарын коргоочу каражаттарды колдонуу керек.**

**Аралашма териге жана көзгө тийбеши керек. Көзгө тийип кетсе, дароо көп өлчөмдөгү суу менен жууп салуу керек.**

**БАЛДАРДАН ООЛАК КАРМОО КЕРЕК!**

### Курамы

Кум, портландцемент, минералдык толтургуч, өзгөртүүчү кошулмалар.

### Ташуу жана сактоо

Аралашманы жүктөрдү ташуу эрежелерине ылайык жабык транспорт каражаттарында ташуу керек. Кургак аралашма салынган баштыктарды жабык, кургак таңгактын бүтүндүгү сакталган жана нымдан корголгон жайларда сактоо керек. Өндүрүүчүнүн идишинде сактоо мөөнөтү: даярдалган күндөн тартып 12 ай.

### Өндүрүүчүнүн кепилдиктери

Өндүрүүчү керектөөчү ташуу, сактоо шарттарын жана ушул нускаманын көрсөтмөлөрүн сактаган учурда аралашманын ГОСТ 28013 жана ТУ ТУ 23.64.10-276-51552155-2022 талаптарына шайкештигине кепилдик берет. Материал менен иштөө технологиясы сакталбаса, ошондой эле ал ушул нускамада айтылбаган максаттарда жана шарттарда колдонулса, өндүрүүчү булар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Таза салмагынан ГОСТ 8.579-2002ге ылайык четтөөгө жол берилет. Өндүрүм жарандык курулуштун бардык түрлөрүндө колдонууга уруксат берилген (Аэфф<370 Бк/кг, НРБ-99/2009

| Желим тигишинин калыңдыгы, мм. | 1,5 | 2 | 3 | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 $м^3$ дубал үчүн кургак аралашманын чыгымы, кг. | 19,1-19,3 | 25,9-26,3 | 39,4-40,4 | 52,5-54,2 | 65,3-68 |

СанПиН 2.6.1.2523–09 боюнча).

### Сарптоо

1 мм катмар менен түздөөдө: 1,25-1,3 кг/$м^2$
Дубал тургузуу иштерин аткарууда:


**КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮ КОЛДОО КЫЗМАТЫ**

8 (800) 555 - 71 - 67

www.plitonit.ru

e-mail: info@mc-bauchemie.ru